DOI: 10.26104/NNTIK.2022.37.11.040

*Пасанова К.Б.*

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ КООМУНУН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ИЗИЛДЕНИШИ (XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башы)

*Пасанова К.Б.*

# ИССЛЕДОВАНИЕ СОЦИАЛЬНОЙ СТРУКТУРЫ ТРАДИЦИОННОГО КЫРГЫЗСКОГО ОБЩЕСТВА (вторая половина XIX века – начало XX века)

*K. Pasanova*

# STUDY OF THE SOCIAL STRUCTURE OF THE TRADITIONAL KYRGYZ SOCIETY (the second half of the XIX century – the beginning of the XX century)

*УДК: 94. (575.2)*

*Макалада XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз коомунун түзүлүшүн чагылдырган революцияга чейинки доордогу авторлордун эмгектерине тарыхнаамалык анализ берүү аракети жасалган. Аталган илимий маселени изилдөөдө стратификациялык ыкма менен изилдөө талабы белгиленет. Макалада белгилегендей орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү болгон орус саякатчылары, колониалдык администрация чиновниктери кыргыздардын коомдук, социалдык турмушу туурасында маалыматтарды жазып калтырышкан. Алардын катарына Ч.Валиханов Ч. Валиханов, П. Семеньев, Н., М. Венюков, Г. Бардашев, Л. Костенко, А.П. Хорошхин, А. Талызин, Г.С. Загряжский ж.б. авторлорду кошууга болот. Аталган эмгектерде авторлор кыргыз коому эки чон катмардан: ак сөөк жана букара катмарларынан тургандыгын белгилешет. Өзгөчө манап, бий, даткалардын коомдогу ролуна токтолуп кетишкен. Ошол эле учурда букара тобу боюнча кызыктуу маалыматтар кездешкендиги белгиленет. Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүш изилдөөдө революцияга чейинки доордогу авторлордун эмгектеринин тарыхнаамалык, булакнаамалык мааниси жогору экендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *стратификация, катмарлар, манап, бий, бай, датка, авторлор, социалдык түзүлүш, букара.*

*В статье предпринята попытка историографического анализа трудов авторов дореволюционной эпохи, отражающих формирование традиционного кыргызского общества во второй половине XIX века - начале XX века. При изучении указанной научной проблемы было выявлено востребованность исследований методом стратификации. Как отмечается в статье, представители русской историографии, такие как русские путешественники и представители колониальной администрации, оставили сведения об общественной жизни кыргызов, в частности об их социальной структуре. В их число можно отнести Ч. Валиханова, П. Семеньева, Н.М. Венюкова, Г.Бардашева, Л.Костенко, А.П. Хорошхина, А.Талызина, Г.С. Загряжского и др. В своих работах эти авторы указывают, что кыргызское общество состоит из двух больших социальных групп: белой кости и букара. Авторы акцентировали внимание на роли манапов, биев и датки в обществе, в ходе исследований также были получены интересные сведения о бедняцкой части общественности как букара. При изучении социальной структуры традиционного кыргызского общества показано, что труды авторов дореволюционной эпохи представляют большую историографическую и источниковедческую ценность.*

***Ключевые слова:*** *стратификация, слои, манап, бии, богатые, датка, авторы, социальная структура, люди.*

*The article attempts a historiographical analysis of the works of the pre-revolutionary era authors, reflecting the formation of traditional Kyrgyz society in the second half of the 19th century - early 20th century. When studying this scientific problem, the demand for research by the stratification method was revealed. As noted in the article, Russian travelers who compiled Russian historiography, who were representatives of the colonial administration, recorded information about the social life of the Kyrgyz. Among them Ch.Valikhanov, P.Semeniev, N.Venyukov, G.Bardashev, L.Kostenko, A. Khoroshkhin, A. Talyzin, G. Zagryazhsky and other authors point out that the Kyrgyz society consists of two large strata: rich and poor people. In particular, they focused on the role of manaps, biys and datkas in society. At the same time, it is noted that interesting information was found about a group of people, the so-called bukaras. When studying the social structure of the traditional Kyrgyz society, it is shown that the works of the authors of the pre-revolutionary era are of great historiographic and bibliographic value.*

***Key words:*** *stratification, layers, manap, biys, rich, datka, authors, social structure, people.*

XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү туурасындагы маселе учурдагы актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Советтик тарыхнаамадан айырмаланып, учурдагы илимий талаптардын бири коомдун социалдык түзүлүшүн изилдөө «таптык» ыкма менен эмес, «стратификация» ыкмасын колдонуу зарылдыгы кеңири колдоого алынууда. Тарых илиминде салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн чагылдырган революцияга чейинки, советтик, постсоветтик доордо (кенири болбосо да) кыйыр түрүндөгү эмгектер жарык көргөн. Ар бир доордогу эмгектерге тарыхнаамалык анализ жүргүзүү учурдун талабы.

«Революцияга чейинки доор», «совет бийлигине чейинки мезгил» түшүнүктөрү Кыргызстандын постсоветтик изилдөөчүлөр тарабынан шарттуу түрдө колдонулуп келе жаткан тарыхый өнүгүүнүн белгилүү бир хроногиялык мезгили. Революцияга чейинки доордо, өзгөчө XVIII-XX кк. башына чейинки мезгилде кыргыз элинин тарыхын ар тараптуу изилдөөгө алган жазма, оозеки тарыхый булактар сакталып калган. Алар күндөлүк, эскерүү формасында жазылган эмгектер, очерктер, билдирүүлөр, көлөмдүү изилдөөлөр ж.б. формадагы эмгектер болуп саналат. XIX к. геосаясий кырдаалга жараша эмгектин дээрлик көпчүлүк түзүүчүлөрү, авторлору тарыхый процесстердин күбөсү болушкан. Революцияга чейинки доордо жарык

көргөн эмгектердин көпчүлүгүндө авторлор бир эле очеркинде, күндөлүгүндө түрдүү илимий маселенин өзөгүн чагылдырган фактыларды жазып кетишкен.

Революцияга чейинки доордогу эмгектерде кыргыз коомунун стратификациясы, же болбосо коомдогу «катмарлар», «топтор» деген түшүнүктөр кездешпейт. Кыргыз коомунун социалдык катмарына арналып жазылган өз алдынча изилдөөлөр жокко эсе. Бирок, XIXк. орус тилдүү авторлор тарабынан жарык көргөн эмгектерде орус тарыхнаамасындагы өкүм сүрүп келе жаткан «сословия» түшүнүгүнөн улам кыргыз коомунда бай, бий, манап жана букара катмарлары тууралсындагы маалыматтар кездешет. Аталган доордун авторлору аталган коомдук катмарлардын кыргыз коомундагы ролун, функцияларын изилдөөгө чоң аракеттерди жасашкан. Ар бир социалдык катмарлар боюнча конкреттүү фактыларды келтиришкен. Революцияга чейинки доордун авторлорун да өз ара бир канча топторго болуп кароого болот. Маселен Ж.Алымбаевдин эмгегинде революцияга чейинки доордогу авторлорду: орус саякатчылары, чыгыштаанучулар, аскер адамдары, колониялык доордогу административдик кызмат чиновниктерге бөлүп кароо сунушталып, ар бир топтун эмгектерине, авторлоруна мүнөздөмө берилген [1, 45-б.]. Революцияга чейинки доордогу эмгектерге тарыхнаамалык анализ жүргүзүүдө жогорудагы Ж.Алымбаев тарабынан сунушталган классификацияга таянуу менен каралып жаткан маселенин тарыхнаамасына анализ берүүнү туура көрдүм.

Кыргыздардын социалдык түзүлүшүн кеңири чагылдырган авторлордун катарына Ч.Валихановдун «Записки о кыргызов» – аттуу эмгегин атоого болот. 1855-1865-жылдары Ч.Валиханов Кыргызстанга келип, кыргыз элинин тарыхы, этногенези, коомдук иерархиялык системасы, материалдык жана руханий маданияты боюнча баалуу изилдөөлөрдү калтырып кеткен. Ч. Валиханов казак жана кыргыз элдеринде уруулук түзүлүштүн болгонун бала кезинен эле билгендиктен, салттуу кыргыз коому ага өөн учурабаса деле керек. Ошондой болсо дагы өзүнүн саякаты учурунда кыргыздардын арасында жашап, алардын турмушу менен жакындан тааныш болгон. Аталган эмгегинин «Разделения сословия, манапы и их значения» - аттуу бөлүгүндө: «Эл катмар катары: ээлик кылуучулар (манаптар) жана карапайым калк (кара букаралар) деп эки кастага бөлүнөөрүн белгилейт [2, 38-б.]. Ч.Валихановдун пикири боюнча кыргыз коомундагы экинчи катмар – жөнөкөй эл, кара (demos) деп аталат. Бул тууралсында автор: «кыргыздарда эл жана бийлер, алардын уруу башчылары, кара сөөктөрдү, жөнөкөй элди түзүшөт [2, 39-б.] - деп белгилейт. Демек, Ч.Валихановдун маалыматына таянсак XIX кылымдын экинчи жарымында салттуу кыргыз коому эки чоң катмардан: ак сөөк (манап, бий, бек, бай ж.б) жана букара катмараларынан турушкан. “Ак сөөк” түшүнүгү революцияга чейинки доордогу эмгектерде коп колдонулбайт, казактарга салыштыруу иретинде гана айрым авторлор тарабынан колдонулуп келген. Революцияга чейинки авторлордун эмгектеринде ак сөөк катмарларга киришкен манап, бай, бий, казы, датка, дин кызматкерлери тууралсында учкай жазылган маалыматтарды кездештирүүгө болот.

Ч. Валиханов алгачкылардын болуп манапчылык социалдык катмар катары кыргыз коомунда жакынкы арада эле пайда болгон көрүнүш катары баалайт. Эл арасында айтылып жүргөн легендага таянуу менен «манап» сөзү сарыбагыштардын Манап аттуу уруу башчысынын атынан калган, ал өзүнүн каардуулугу жана мыкаачылыгы менен айырмалангандыгын белгилейт. Манапчылык башка уруулардын бийлерине да жагып калгандыктан, учурунда манап бул – ар бир уруунун башында турган жалпы ат катары карала баштаган [2, 38-б.]. Ал эми орус саякатчысы, аскер адамы М. Венюков *“Путешествия по окраинам русской Азии и записки о них” аттуу* эмгегинде кыргыз элинин саясий абалына токтолуп, кыргыздарда казак ордосундагы султандар сыяктуу ак сөөк катмарлардын болбогундун жазат. Кыргыздар манаптар тарабынан башкарылганын, Манап алгач залим бир уруу башчысынын аты болуп, кийин социалдык түшүнүккө айланып кеткендигин белгилейт. Эч кандай шайлоо аркылуу албастан, бул наам атадан балага өтө турганын ырастайт [3, 87-б.]. Ошол эле учурда кыргыз төбөлдөрдүн баары согуштарда эрдигин көрсөткөн анык баатыр катары сыпатталат. Өрнөк катары сарыбагыштын атактуу манабы Ормонду, бугу уруусунан Боромбайды белгилейт.

Ал эми чыгыш таанучу Л. Костенко “*Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности”* аттуу эмгегинде манап түшүнүгүнө кыскача токтолуп кеткен. Автор Орто Азия элдери боюнча этнографиялык маалыматтары сүрөттөп жатып, кыргыздарда аристократтар (ак сөөк – султан) болбогондугун, бирок уруулар Манаптар тарабынан башкарылганын белгилейт. Манап деген термин башкаруучунун аты болуп, кийинчерээк бардык башкаруучуларга жалпы ат-наам катары колдонула баштаган. Алар адегенде эл тарабынан шайланып, кийинчерээк алардын бийлиги укумдан-тукумга өтүп кеткен [4, 47-48-бб.]. Ошондой эле Л. Костенко шарият боюнча сот иштери жүргүзгөн бийлер тууралуу да кыскача маалыматты жазып кеткен.

Манап терминине кайрылган авторлордун бири аскер адамы Н.И. Гродеков. Автордун пикиринде, кыргыздардын коомдук-саясий турмушундагы коомдук катмарлануунун эң жогорку даражасында болгон манаптар эскиден бери келе жаткан бийлердин урпактары болгон. Бирок манапчылык атадан балага кала

турган наам болбогондугун белгилейт. Эгер манаптын уулу атасынан өтүп каардуу заалим болсо манап боло албасын, ошол эле учурда карапайым калктан чыккан жакшы киши да манап боло албасын билдирген. Молдо Асан аттуу кадыр барктуу манаптын айтуусу боюнча, манап наамы орустардын “княздык даражасына” барабар болгон. Манаптарды эл шайлабай турганын, оор-кыйыш мезгилде элден озуп чыгып, элдин башын бириктирген жол башчы болгон [5, 6-б.]. Белгилей кетсек Н.Гродековдун маалыматы азыркы Таластык кыргыздардын коомдук турмушун чагылдырган.

Кыргыздардын коомдук турмушун сүрөттөгөн колониалдык доордогу авторлордун бири А.Талызын болуп саналат. Автор өзүнүн «Пишпекский уезд. Исторический очерк» - аттуу эмгегинде Пишпек уездинде жашаган кыргыздар сарыбагыш, солто жана саяк сыяктуу чоң уруулардан турушуп, ар бир уруунун башында аристократтар-манаптар турушат, алардын бийлиги атадан балага өтөөрүн белгилейт [6, 24-б.]. Ошол эле учурда ар бир манапка караштуу үйлөр болуп, алар менен бирге көчүп, аларды башка манаптардан коргоп турган. Алсак, А. Талызин солтонун улук манабы Жангарачка караштуу 600 түтүн үй, сарыбагыштардын улук манабы Жантайга караштуу 700 түтүн үй, саяктардын улук манабы Дулатка 500 түтүн үй караган. Ал эми карамагында 100 түтүндөн азыраак болсо, майда манаптарга кирген. Ал эми манаптардын карамагындагыларды «букаралар», «кара эл» деп аташкан [6, 26-б.] - деп жазат. Манаптарга феодал, ээуучу катмар катары мүнөздөмө берип, манаптарды саясий-социалдык абалына жараша “чоң манап”, “кичи манап” жана “чала манап” болуп бөлүнөрүн белгилейт [6, 26-27-бб.]. Аталган очеркинде А.Талызин кыргыз коомунда жашап келген дагы бир социалдык топтор жөнүндө маалымат берет. Автор бул тууралуу мындай деп жазат: «өз аты менен атабай, ардактуу наам беришип «баатыр» атка конушкан улуулар бар. Алар бул наамга өздөрүнүн мурунку чабыштардагы эрдиги, аскердик курал жарактары: кылыч, найза, калкан, жебеси менен элдин эсинде калган» [6, 28-б.]. Демек, кыргыздар согуш учурунда эрдик көрсөтүп, колуна курал алып, эин коргогон азаматтарды «баатыр» атка кондурушкан. Ошол эле учурда эл арасында манаптарды «баатыр» деп аташып жүрүшкөн.

Ал эми колониалдык доордогу О.А. Шкапский, И.И. Гейердин эмгектериндеги кыргыздардын социалдык түзүлүшүн сүрөттөөдө авторлордун пикирлери бири-бирине үндөш. Авторлор кыргыздар социалдык жактан манаптардан жана букара катмарларынан тургандыгын сүрөттөшөт. И.Гейер болсо, «ак сөөк (белая кость), кара сөөктөр (черная кость) терминдерин колдонуп, ак сөөктүн өкүлдөрү кара сөөктөрдөн үйлөнгөн эмес, бирок орус закондорунун таасири астында эки катмардын ортосундагы үй-бүлө куруу адаттагы көрүнүшкө айлана баштагандыгына токтолот [7, 67-б.]. Ошол эле учурда автор, кара кыргыздарда өзгөчөлөнгөн ак сөөк катмарлар эч убакта болбогон» - деп эскерет [7, 67-б.]. Кыргыздардын коомдук турмушундагы уруулук түзүлүш маанилүү ролду ойноп келгендигин автор чоң маани берген. «Бөтөн элде падыша болгондон көрө, өз уруунда койчу болгон артык» - деген накыл сөзгө кыргыздар чоң маани бергендигине автор өзгөчө токтоло кеткен.

Кыргыздардын социалдык түзүлүшү тууралуу учкай маалымат берген авторлордун А.П. Хорошхинди кошууга болот. «От Ташкента до Токмока» - аттуу макаласында автор Ташкенттен Токмок арасындагы шаарларга, отурукташкан жана көчмөн элдердин жашоо тиричилигине маданиятына мүнөздөмө берип кеткен. А.Хорошхин «кыргыздарда султандар болбойт, ак сөөк адамдарды манап деп аташат, - деп жазып кеткен [8, 20-б.].

Революцияга чейинки доордогу изилдөөлөрдө кыргыз коомундагы бий, бай, датка сыяктуу социалдык катмарларга байланыштуу кызыктуу материалдар да жарык көргөн. П.П. Семенов-Тян-Шанский өзүнүн эскерүүлөрүнүн биринде сарыбагыш менен бугу уруусунун ортосундагы жаңжалдын себептерине кеңири токтолгон. Бул эки урууну согушка түрткөн негизги себеп эки элдин (сарыбагыш уруусунун улуу манапы Ормон хан менен бугу уруусунун манапы Боромбай) ортосундагы бийликке болгон үстөмдүк жана мүлк талашы болгон деп эсептейт. Мындай көйгөйлөрдү негизи бийлер чечсе дагы, бирок аларды эч ким токтото албаганын, натыйжада тирешүүнүн соңу аянычтуу аяктаганын белгилейт. Бийлер соттук иштерди аткарып, коомдо адилеттик, бейпилдик иштерин жүргүзгөн, ошондой эле бир нече уруктун башчысы болгонунан кабар берет [9, 111-184-бб.].

Кыргыздардын салттуу сот системасынын башында турган бийлердин ишмердигин чагылдырган авторлордун бири Г.С. Загряжский болуп саналат. Автордун келемине сот бийлиги, боюнча бир катар баалуу, маалыматтарга бай эмгектерди жазып калтырган. Бийлерди социалдык катмар катары эмес, сот бийлигинин функциясын аткарган бийлик өкүлдөрү караган автор, эл арасындагы бий даражасына татыктуу адам кандай болуу керек экендигине, анын кадыр-баркына жана аброюна болгон элдик талаптарга токтолгон. Салттуу сот бийлигинде айрым учурда бийлердин чечими эмес, уруу башчыларынын, аксакалдардын чечими басымдуу болгондугун баса көрсөткөн. Бул тууралуу автор мындай деп жазган: “Кандайдыр бир иштин чечилиши укуктан көз каранды эмес, бардыгы окуяга, мамилелерге жараша болот. Бийлер сотунун мүнөзү ушундай, ал эч кандай адилеттүүлүккө кепилдик бербейт, керектүү учурда таасирдүү уруу башчыларын, аксакалдардын, урууну, уруктун кийилигишүүлөрү боло берет” [10, 362-371-бб.].

Ал эми түштүктөгү кыргыз урууларында аристократиялык – феодалдык төбөлдөрдүн башында «датка» турган. Кокон хандыгы карамагындагы аймактарга датка наамы менен башчыларды дайындап, кеңири ыйгарым укуктарды берген. Бул жерден Алымбек датканы Кокон хандыгынын саясий турмушуна активдүү катышкан тарыхый инсан катары көрсөтүүгө болот. Алымбек датка – Кокон хандыгы тарабынан дайындалган кыргыз бектеринин бири. 1831-жылы Алымбекке «датка» титулун Мадали хана тарабынан ыйгарылгандыгы булактарда кездешет. Мухаммед Али хан (Мадали) ыйгарган. Бир жылга жетпеген убакыттан кийин ал Кокон хандыгынын Анжиан вилаетине башкаруучу, кийинчерээк ордодо башкы вазир болуп маанилүү кызматтарды аркалайт. Датка наамы Түркстан хандыктарында, Кокон хандыгында жана Бухара эмирлигинде колдонулган эң жогорку наамдардын бири. Ал эми Л.Ф. Костенко болсо Алайда жашаган кыргыздар уруулук түзүлүшү жана "датка" наамы жөнүндө учкай маалымат берет. Түштүк Кыргыздарын башында Курманжан-датка турганын жана анын абдан акылдуу, күчтүү аял экендигин сыпаттайт [11, 150-б.]. Ал эми Курманжан датканын өмүр жолун баяндаган К. Алексеев болсо Курманжанды күйөөсү Алымбек датка каза болгондон кийин 1861-жылдан бери Алай кыргыздарынын колдоосу менен башкаруучулук милдетин аркалаганы сүрөттөлөт [12, 213-б.].

Кыргыз коомунда манап, бий, даткадан кийин ак сөөк катмарга байлар жана баатырлар кирген. Байлар ич ара, өздөрүнүн байлыгына жараша бөлүнгөн сымал, баатырлардын да бир канча түрүн көрүүгө болот. Алар тууралуу тарыхчысы Б. Солтоноев: *"Кызыл Кыргыз Тарыхы"* аттуу эмгегинде "баатырдан – алтоо, бай – төртөө" деп корсотуп, байлардын төмөнкүдөй төрт түрүн белгилейт: Чоң бай (март бай) же "уюткулуу бай" - ата-бабасынан бери малы көп бай болуп келе жаткандар; Сараң бай (колтукчу бай) - Бир тууган, сөөк-тамырына эч нерсе бербеген. Өз малын аяп көп жебей, минбеген байлар; Сасык бай (кокуй бай) - өз малын союп жебейт, өлгөндүн гана этин жеген байлар; Жеке мерез бай. Жайы-кышы жалгыз конуп, жалгыз жайлаган байлар"- деп жазат [13, 106-107-бб.]. Ал эми эл манаптарды, уруу башчыларын баатыр деп да атап коюшкан. Баатырлар бир гана ак сөөк катмардан эмес карапайым калктын арасынан да чыкканын белгилеп кетүү абзел. Б. Солтоноев баатырлардын алты түрүнө томонкучо мүнөздөмө берип кеткен:"Адам шери" - эч нерседен тайманбаган, бергенинен кайтпаган, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо жүрөк баатыр;"Кара көк же көкжал" - жаралуу болуп калса да, качпастан жоолашып жүргөн баатыр; "Илекор баатыр" - жоонун ыгына жараша урушуп, ыгы келген жерде жалгандан качымыш болуп, жоонун чарчап бириндеп калган чакта кайта качырып сайып кирген баатыр;"Жеке баатыр" - жанына жолдош албастан, алыс-жакынга жеке өзү жүрүп, жоосун жоологон баатыр;«Ээрчиме баатыр" жанындагы жолдоштору баатыр болсо, алар менен бирге жүрүп, өзү жоодон коркуп качайын десе да жолдошторунан уялып качпастан урушка кирген баатыр;"Айласыз баатыр" элден эмнем кем деп анык баатырларды туурап жоого кирген баатыр [13, 106-б.]. Жогоруда көрүлгөндөй кыргыз коомунун эң жогорку катмары түндүк кыргыздарда манаптар, түштүк кыргыздарда даткалар, сот системасын жүргүзгөн бийлер менен катар, болуп ак сөөк катмарга материалдык байлыгы менен өзгөчөлөнгөн байлар жана эр жүрөк баатырлар кирген. Бирок Революцияга чейинки эмгектердин дээрлик көпчүлүгүндө Кыргыздарда "ак сөөк – аристократиялык" катмардын болбогондугун, теги Чынгыз хандан келбегендиктен, "Кара кыргыз" деп аталып калышкан деген гипотезаларды байкоого болот.

Ага карабастан революцияга чейинки авторлордун кыргыздардын социалдык түзүлүшү боюнча берген маалыматтары, эскерүүлөрү, изилдөөлөрү булакнаамалык, тарыхнаамалык таризде кароо зарыл. Анткени авторлордун дээрлик көпчүлүгү түздөн-түз кыргыз коому менен тааныш болуп, эл арасында жүрүшүп баалуу тарыхый булактарды топтоого жетишишкен.

**Адабияттар:**


1. Алымбаев Ж. Общественно- политическая жизнь кыргызов во второй половине XVIII - начала XX вв. / Проблемы истории и историографии. - Б., 2009.
2. Валиханов. Ч. «Записки о киргизах". // Собрание сочинений в пяти томах. - Т. 2. - Алматы, 1985.
3. Венюков М. Путешествия по окраинам русской Азии и записки о них. - СПб., 1868.
4. Костенко Л. "Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности". / Туркестан. сбор. - Т.29. - СПб., 1870.
5. Гродеков Н.И. Киргизы и каракиргизы Сыр-Дарьинской области. - Ташкент, 1889.
6. Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855-1868). // Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898. - Т.II. - Верный, 1898.
7. Гейер И.И. Весь Русский Туркестан. - Ташкент, 1909.
8. Хорошхин А.П. От Ташкента до Токмока. // Сборник статей, касающихся Туркенстанского края. - СПб., 1876.
9. Семенов-Тянь-Шанский П. Поездка из Укрепления Верного через горный перевал у Суок-Тюбе и ущелье Буам к западной оконечности озера Иссык-Куль в 1856 г. // Туркестанский сборник. - Т 15. - СПб., 1869.
10. Загряжский Г.С. Заметки о народном суде каракиргиз. // Туркестанский сборник. - Т 95. - СПб., 1874.
11. Костенко Туркестанский край. Опыт военно-статистического обозрения Туркестанского военного округа. Т.I. - СПб., 1880.
12. Алексеев. К. Курбанжан датка. Краткая биографическая заметка// Туркестанский Сборник, Т.422. - Ташкент, 1907.
13. Солтоноев Б. Кызыл Кыргыз тарыхы. Китеп II. - Бишкек, 1993. www.bizdin.kg